DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2021

***ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИ***

***ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ***

***PHILOSOPHICAL SCIENCES***

*Кармышаков Т.М.*

# КАЛЫГУЛ ЖАНА МОЛДО КЫЛЫЧТЫН ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНДАГЫ КЭЭ БИР ФИЛОСОФИЯЛЫК ИДЕЯЛАР

*Кармышаков Т.М.*

# О НЕКОТОРЫХ ФИЛОСОФСКИХ ИДЕЯХ В МИРОВОЗЗРЕНИИ КАЛЫГУЛА И МОЛДО КЫЛЫЧА

*T. Karmyshakov*

# ABOUT SOME PHILOSOPHICAL IDEAS IN THE WORLD OUTLOOK OF KALYGUL AND MOLDO KYLYCH

*УДК: 10.130*

*Макалада биз элибиздин рухий мурасында зор мааниге ээ, тарыхта көп мезгилге чейин "жабык булактары" болуп эсептелген, аз иликтенген, бирок объективдүү көз караш менен илимий кароону талап кылган акын-заманчылдардын Калыгул Бай уулу жана Молдо Кылыч Шамыркан уулунун поэзиясындагы айрым дүйнөгө көз караштарын талдоого аракет жасадык. Эмгекте бул улуу акындардын чыгармаларында XIX-XX кылымдын башындагы кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин өзгөчө жактары чагылдырылганы далилденет. Акындардын ырлары-теориялык деңгээлде кесипкөй эмес философиялык тексттер, диний көз караштар менен чырмаланышкан карабастан, аларда философиялык терең мазмунга ээ ойлор орун алгандыктары шексиз. Калыгул жана Молдо Кылычтын поэзияларында кыргыздардын үмүтү, көйгөлөрү, эски заман менен жаңы замандын күрөшүү мезгилиндеги оор, татаал маселелери каралган. Акындар, кыргыз элинин аң-сезимин ойготууга аракеттенишкен. Өз заманы тууралуу ыр жазгандары – алардын реалдуулукка болгон мамилелерин, көйгөйлөрдүн чечүү жолдорун издегенин айгинелеген. Калыгул диний көз караштa гана эмес, реалдуу турмуштук ой-жүгүртүүлөрүн айткан. Сөздөрүн Кудайга эмес, Ормон-ханга арнаган. Акыр замандын келишин жалпы адамзаттык күнөөлөрүнө байланыштырбай, кыргыз элинин жашоо образын өзгөртүшүнө, акылдуу, агартуучу башкаруучу керек экендигин белгилеген. Молдо Кылычтын чыгармаларында диний көз караштар болмушту реалдуу кабыл алуу менен тыгыз айкалышкан. Акындын оюу боюнча, мусулман дининин эрежелерин так сактоо - жакшы, бирок динден башка дагы - билим, илим адамдын тарбиясына чоң таасирин тийгизендиги көрсөтүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *поэзия, дүйнө тааным, философиялык идеялар, диний көз караштар, эл, кабылдоо, тарбия.*

*В статье автором проделана попытка проанализировать отдельные воззрения поэтов-заманистов - Калыгул Бай уулу и Молдо Кылыч Шамыркан уулу, чья поэзия имеет важное значение в духовном наследии нашего народа, но долгое время в истории была "закрытой темой", малоисследованной, но остается востребованной в объективной научной оценке. В работе доказывается, что произведения этих великих поэтов отражают особенности общественного сознания кыргызского народа XIX - начала XX веков. Безусловно, стихи поэтов - это непрофессиональные философские тексты на теоретическом уровне, сочетающиеся с религиозными взглядами, однако в них, несомненно, высказаны мысли с глубоким философским содержанием. Поэзия Калыгула и Молдо Кылыча посвящена чаяниям и проблемам кыргызского народа, трудным вопросам борьбы старой и новой эпох. Поэты пытались пробудить сознание кыргызского народа. Они писали песни о своем времени, в которых отражалось их отношение к действительности, поиски решения проблем. Калыгул говорил не только с религиозной точки зрения, но и с точки зрения реальной жизни. Свое слово он посвятил Ормон-хану, а не Богу. Он отмечал о том, что наступление конца мира не связано с грехами человечества, кыргызскому народу нужно изменить образ жизни, необходим мудрый, просвещенный правитель. В творчестве Молдо Кылыча религиозные взгляды тесно переплетены с реалистическим восприятием бытия. По мнению поэта, строгое соблюдение правил мусульманской религии – это хорошо, но показано, что кроме религии - знания и наука также имеют большое влияние на воспитание человека.*

***Ключевые слова****: поэзия, мровоззрения, философские идеи, религиозные взгляды, народ, восприятие, воспитание.*

*In the article, the author made an attempt to analyze the individual views of the poets-enticement - Kalygul Bai uulu and Moldo Kylych Shamyrkan uulu, whose poetry is important in the spiritual heritage of our people, but for a long time in history it was a "closed topic", little-studied, but remains in demand in an objective scientific assessment. The work proves that the works of these great poets reflect the peculiarities of the public consciousness of the Kyrgyz people in the 19th - early 20th centuries. Of course, the poems of poets are unprofessional philosophical texts at a theoretical level, combined with religious views, but they undoubtedly express thoughts with a deep philosophical content. The poetry of Kalygul and Moldo Kylych is dedicated to the aspirations and problems of the Kyrgyz people,*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*the difficult issues of the struggle between the old and the new era. The poets tried to awaken the consciousness of the Kyrgyz people. They wrote songs about their time, which reflected their attitude to reality, the search for solutions to problems. Kalygul spoke not only from a religious point of view, but also from the point of view of real life. He dedicated his word to Ormon Khan, not to God. He noted that the onset of the end of the world is not associated with the sins of mankind, the Kyrgyz people need to change their way of life, a wise, enlightened ruler is needed. In the work of Moldo Kilich, religious views are closely intertwined with a realistic perception of life. According to the poet, strict adherence to the rules of the Muslim religion is good, but it is shown that in addition to religion, knowledge and science also have a great influence on a person's upbringing.*

***Key words:*** *poetry, worldviews, philosophical ideas, religious views, people, perception, education.*

Учурда өлкөбүздүн экономикалык, социалдык-саясий жана рухий турмушунда орун алган түпкүлүктүү өзгөрүүлөр, улуттук аң-сезимдин өсүшү, коомдун демократташтыруу жараяны кыргыз элинин рухий маданиятындагы жетишкендиктерге кайрылуу өзгөчө маанилүүлүгүн айгинелейт.

Албетте, элибиздин рухий мурасы зор мааниге ээ, ошондуктан тарыхтын “жабык булактары”, аз иликтенген барактарындагы маданий-тарыхый баалуулуктарга объективдүү көз караш менен кароо – абдан маанилүү. Айрыкча, муруңку басып өткөн тарыхый жолдун дүйнө таанымдын терең кайрадан ойлонулушу, “жакшылык”, “жамандык”, “билим” жана “ишеним”, “боорукердик”, “сүйүү” ж.б. баштапкы түшүнүктөрдү жаңыча кабыл алуу учурда актуалдуу.

Кыргыз элинин философиялык ой-жүгүртүүсүндө ойчулдардын чыгармаларында дүйнө тааным маселелерин атоого болот. Албетте, ойчулдар атайын философиялык же назарий маселелерди иштеп чыгышкан эмес, бирок өз элинин маданиятынын, философиялык дүйнө таанымын калыптандыруусунда чоң ролду аткарышкан.

Бул өңүттө элибиздин тарыхын иликтөө, албетте, Кыргызстандын революцияга чейинки философиялык жана коомдук-саясий ой-жүгүртүү өкүлдөрүнүн чыгармачыл мурасы эбегейсиз зор кызыгууну жаратат, алардын арасында - акын-заманчылар Калыгул Бай уулу (1785-1855) [9,10,14,15], Арстанбек Буйлаш уулу (1824-1878) [6], Молло Нияз Эрназар уулу (1823-1896) [13], Нурмолдо Наркул уулу (1838-1920) [13], Женижок Көкө уулу (1860-1918) [13], Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1866-1917) [11, 13] ж.б. Алардын ырлары бүгүнкү күнү да тарыхчылардын, адабиятчылардын, философтордун гана эмес, ошондой эле табигый илимдердин изилдөөчүлөрүндө илимий кызыгууну туудурат [12].

Акындардын чыгармаларында XIX-XX кылымдын башындагы кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин өзгөчө жактары чагылдырылган. Акын-заманчылардын диний көз караштары - өзгөчө маселени түзөт. Бүгүн коомдук турмуштун деидеологизация шарттары, рухий маданиятка кызыгуунун өсүшү - алардын чыгармалары жаңы теориялык, деңгээлде кесипкөй эмес тексттерди иликтөөгө жол берет. Ушул жерде К. Ясперстин (1883-1969) оюуна кошулсак туура, себеби бул окумуштуунун пикиринде, тарых маданиятты аныктабастан, тескерисинче, маданият - тарыхтын өндүрүшү; маданият - коомдук социалдык динамикасынын жыйынтыгы эмес, социалдык атмосфера адамзат коомунун маданий жашоосунда чогултулат, генерацияланат [3]. Ушул жыйынтык К.Ясперстин философиясында “осевое время” (“осьтук убакыттын”) акыйкаттын мазмундук негизин түзөт [2, 53-78-бб.].

Акын-заманчылардын да поэзиясы элибиздин коомдук аң-сезимине тийгизген таасири чоң болгон. Белгилүү болгондой, философия ар убакытта жана ар бир эле тарыхый доордо теориялык ой-жүгүртүүнүн логикалык-методологиялык, рационалдаштырылган формада өнүккөн эмес.

Акын-заманчылардын чыгармаларында адамдык жашоо жана дүйнө болмуш негизинен көркөм адабиятта берилип келе жатат. Акын-заманчылардын чыгармачылыгын акын-демократтарга карама-каршы коюп кароо, туура эмес. Анткени, алар кыргыздардын үмүтүн, көйгөлөрүн чагылдырышкан, эски менен жаңы замандын күрөшүү мезгилинде өз эмгектерин жаратышкан. Акындар, кыргыз элинин аң-сезимин ойготууга аракеттенишкен. Өз заманы тууралуу ыр жазгандары – бул алардын реалдуулукка болгон мамилени көрсөткөн [1]. Замана багытында бир топ акындар өз ырларын жаратышкан - Молло Нияз, Жеңижок, Алдаш молдо, Токтогул, Нурмолдо ж.б.

“Замана” түшүнүгү аркылуу акындар көрүп жатышкан, баштарынан өткөргөн түпкүлүктүү өзгөрүүлөрдү талдоого аракеттенишкен. Илимпоз Д.Жапаровдун адилеттүү пикири боюнча, Калыгул хаостон иреттүүлүккө, кайрадан иреттүүлүктөн хаоско айлануу өз ара өтүү диалектикасын ар дайым тартиптин, иреттүүлүктүн бар экендиги менен түшүндүргөн ("Ирет менен иретсиз, эриш-аркак турбайбы, Бирин бири жоготуп, тез табышат турбайбы, Иренжитсе иретсиз, иретти андан табарсыз"...) [16].

Калыгул турмуштун өзүн хаос деп эсептеген. Анткени хаос чексиз, элдин эч нерсе менен оорлотулган жашоосу. Эл ар дайым иреттүүлүккө умтулат, себеби хаос өзүн ирет аркылуу гана ишке ашырат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ушул себептен Калыгул тартип, иреттүүлүк хаостун өзүндө орун алган деп ойлогон. Турмушта адам өз жамааты менен жашоосун өткөргөнгө аракеттенет, ошол эле учурда көз карандысыз.

Калыгулдун замана концепциясы – бул ошол кездеги доордо керектелбеген идеялардын үлгүсү. Д.Жапаров белгилегендей, тилекке каршы, Калыгулдун мурасы бүгүнкү күнү толугу менен жыйналган эмес, идеялык-назарий багытта тутумдаштырылган жок. Ошондуктан анын толук философиялык ой-жүгүртүүсүн жана кыргыз элинин философиясына жана көркөм адабиятына кошкон салымын аныктоодо кыйынчылыктар калууда [16].

Калыгулдун замана идеялар тутумунун мааниси - ар бир эл өзүнө гана таандык социалдык-маданий чөйрөнү түзө алат, анда ал өзүн психологиялык жактан ыңгайлуу сезип, абсолюттуу эркиндикке, өз таандыгына жана өзүн-өзүн чагылдыруу мүмкүнчүлүгүн алат. Зомбулук менен өзгөртүү элдин жашоосунун психологиялык жана аксиологиялык негизин кыйратат. Мындай учурларда калкта өз жашоосу үчүн күрөшүүдө наразычылык, ишенбестик аркылуу өзүн сактоо сезими ойгонот. Так элди сактап калбоо коркунучу акын-заманчыларды орустар жеринди тартып алат деп ыр жазууга шарттаган ("Орус алат жеринди, сындырат сенин белинди"), ("Алматыдан аттанып, орус келе жатыр ай! Узун чөптүн баарысын коруп келе жатыр ай! Кыска чөптүн баарысын коруп келе жатыр ай!") [14,15].

Калыгул, Молдо Кылыч жана башка акын-заманчылар тарыхый альтернативалык тандоонун алдында турушкан: бизден алда канча өнүккөн отурукташкан кошуналардын маданиятына кандайча ыңгайлашуу мүмкүн? Алардын маданияты, дини жана социалдык-саясий айырмачылыктары орун алган учурда кантип чектеш жашайбыз? Отурукташуунун кандайча азабы, кыйынчылыктары азыраак жолу бар экен? Тарых көрсөткөндөй, жаңы социалдык реалдуулуктун падышалык Россиянын чакырыктарына кыргыз элинин социалдык-экономикалык жашоо тартиби адекваттуу жооп берген эмес.

Мындай тарыхый кесилиште кыргыздардын төмөн философиялык өз таанымы Калыгулдун замана концепциясынын көркөм-философиялык багытка айланышына түрткү берген.

Атактуу фольклорист Ы.Абдыракманов Калыгулду “бардык кыргыз акындардын атасы” деп атаган [5]. Ал Ормон хандын кенешчиси болгон. Билимин араб жазуусунда алган. Эл ичинде бийик абройлуу инсан болгондуктан, чыр-чатактарды чечүүгө да катышкан [4].

Элдин көйгөйүн бийлик төбөлдөрүнө айкын айткан. Ырлары дидактикалык мүнөзгө ээ, чакан эсте калаарлык образдар аркылуу нерселердин, кубулуштардын маңызын ачып көрсөткөн.

Калыгул ырларынын башкы бөлүгүн “Акыр заман сөздөр” деп шарттуу бириктирген. Ошондон улам кыргыз адабиятында “замана темасы” пайда болгон. Акын замана темасын библиялык Адамдын жана пайгамбардын акыр заман жөнүндө болжолдоосунан баштап, акыр замандын башталышын – кичинекей бойлуу, таз баштуу адамдын сүрөттөлүшүнөн айтат, жана акыр замандын белгилери катары – жайлоолордун жоюулушун, баласы атасын урматтабаганын, кулдар бийликке келерин, аял күйөсүн үйүнөн чыгарат, мал жоголгонун белгилейт [9,10].

Акын диний көз караште эмес, реалдуу турмуштук ой-жүгүртүүлөрүн айткан.

Сөздөрүн Кудайга эмес, Ормон-ханга арнаган. Акыр замандын келишин жалпы адамзаттык күнөөлөрүн үчүн эмес, кыргыз эли өзүнүн жашоо образын өзгөртпөсө, акылдуу, агартуучу башкаруучуну жаратпаса, байланыштырган [4]. Калыгулдун пикиринде хандын жеке сапаттарынан элдин тагдыры, жашоосундагы көп нерсе көз каранды.

Молдо Кылычтын оюу боюнча дүйнө тааным ар бир адамда динге негизделиши абзел. Ал коомдогу адеп-ахлак көйгөйлөрүн диний көз караштан түшүндүргөн, коомдун өнүгүшүн Кудайга байланыштырган. Шарияттын жоболорун аткарбоо - турмуштагы бардык терс жагдайларга алып келгенин белгилеген. Табигый кырсыктарды да диний көз караште баалаган, аларда Кудайдын каалоосу берилген деп эсептеген. Адеп-ахлак маселелерде Молдо Кылыч Кудайга чоң маани берген. Бирок ошол эле учурда Молдо Кылыч ырларында дервиштик маанайдагы мүнөздү жактаган эмес. Ал бул дүйнөдөгү жакшылыктардан баш тартууну сындаган, бул дүйнөдө жашоодогу бакытка умтулууну жыргачылыкка жетишүүнү - туура эсептеген.

Молдо Кылыч жакшылык, жамандык, абийир, адилеттүүлүк, ынтымак, парз ж.б. түшүнүктөргө чоң көңүл бурган [11].

Ошентип, Молдо Кылыч чыгармаларында диний көз караште - болмушту реалдуу кабыл алуу менен тыгыз айкалышкан. Акындын оюу боюнча, мусулман dininin эрежелерин так сактоо - жакшы, бирок динден башка дагы - билим, илим адамдын тарбиясына чоң тарбиясына таасирин тийгизет. Аллага ишенүү, Молдо Кылыч үчүн бул - адеп-ахлактык эрежелердин аброюн жогорулатуу. Ал кезде жаңы идеяларды айтууда, албетте, исламга

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



кайрылуу абзел болгон. Ар бир адамдын адеп-ахлактык өсүүсү жалпы коомдун алдыга жылышына, коомдук тартиптин негизин түзөөрүн айткан [11].

Чындыгында, акын-заманчылар кыргыз элинин – элитасы, чыныгы мекенчилдери болушкан. Аларда заманга болгон нааразычылыктары, элдин келечеги, салттуу элдин маданиятынын тагдыры тууралуу ой-толгоолору болгон. Акын-заманчылар элдин тагдыры этно-маданий мейкиндиктин бүтүндүгү менен тыгыз байланышта экендигин түшүнүшкөн. Бүгүнкү күнү замана чыгармачылыгын - көчмөн элдердин адеп-ахлактык-этикалык башкы баалуулуктарынын тутуму сөз аркылуу сакталган чыгармачылыктын өзгөчө түрү деп айтууга болот.

Акын-заманчылардын ырлары кыргыз коомунун кыйрашы бирдиктүү кыргыз улутунун түзүлүшү талап коюлган мезгилге таандык. Ушундай татаал миссияны түшүнүп, алар бул багытта адеп-ахлактык, жүрүм-турум эрежелерин (биздин күндө да алар актуалдуулугун жоготкон эмес) колдонууга аракеттенишкен.

Жалпылаганда, акын-заманчылардын поэзиялык мурасынын талдоосу көрсөткөндөй, кыргыз маданиятында адеп-ахлак эрежелери жүрүм-турум нормалары менен тыгыз айкалышып, аларда кыргыз коомунун адептүүлүк жөнүндө көз караштары чагылдырылган.

Заманчы-акындардын поэзиясы кеңири элдик катмардын мүдөөсүн чагылдырып, өз мезгилинин социалдык терс жактарды сындаган. Акындар элдин учурдагы актуалдуу көйгөйлөрүнө көңүл бурушкан. Жогоруда айтылган социалдык-саясий жана маданий жагдайлардан улам замана көркөм-философиялык багытка айланган. Замана идеялар аркылуу падышалык Россиянын колониялык саясатынын терс жактары поэзияда берилген. Калыгулдун жана Молдо Кылычтын ырларында кыргыз коомдук ой-жүгүртүүдө орусташтыруу формасындагы социалдык зомбулукка каршылык көрсөтүлгөндүк, жергиликтүү калкка чоочун маданияттын жасалма киргизилишине бөгөт коюлгандыгы, этникалык теңдүүлүктүн сакталышынын керектиги, феодалдык-патриархалдык кыргыз коомунунун адеп-ахлактык жана этикалык негиздеринин түбөлүктүүлүгү, улутттук баалуулуктардан ажыратуу терс бааланышы ж.б. көрсөтүлгөн.

Акын-заманчылардын поэзиясын европалык эмес, чыгыш философиялык салт жана баалуулуктар менен иликтениши туура [16]. Акын-заманчылардын ырларын изилдөө кыргыз элинин адеп-ахлактык баалуулуктарын бүгүнкү күндүн көз карашы менен кароого мүмкүндүк берет. Аларды канчалык терең иликтөөгө алса, ошончолук алардагы жалпы адамзат баалуулуктар жогору коюлганы байкалат. Алгач мээримдүүлүк, чынчылдык, улуулардын урматтоо.

Акылмандардын ар бир мууну улуттук мурасты, улуттук менталитетти калыптандырууда өз салымын кошуп келген. Алардын философиялык-моралдык насаат ырлары учурда да актуалдуу, анткени элибизди бириктирүүгө, улуу жеңиштерге үгүттөшөт, жаштарды ыймандуулук менен гуманизмге чакырышат. Акын-заманчылардын поэзиясында жүрүм-турум эрежелери диний көз караштар менен айкалышкандыгы - ошол мезгилдин социалдык-маданий шарттарына байланыштуу болгон.

**Адабияттар:**


1. Ботоканова Г.Т. Философемы в творчестве Молдо Кылыча /Автореф... кандидата философских наук. – Б., 2000.- 20 с.
2. Ясперс К. Смысл и назначение истории. М., 1991.- С. 53, 78.
3. Грузман Г. Зло и балго XX-века (Историческая ересь) http://www.facets.ru/articles12/5105.htm
4. Мамбеталиев К.И. Кыргызская акынская поэзия в досоветскую эпоху. // Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. - 2017. - №5 (Ч.1). - С. 159-163.
5. Абдракманов Ы. О культуре кыргызов в эпоху колониализма. - Рукописный фонд Национальной Академии наук Кыргызстана. - Инв. № 336, тетрадь № 1.
6. Арстанбек. Ырлар. - Бишкек, 1994. - 180 с.
7. Бердяев Н.А. Смысл истории. - М.: Мысль, 1990. - 176 с.
8. История киргизской советской литературы. - М.: Наука, 1970. - 542 с.
9. Калыгул. Казалдар. - Бишкек, 1992. - 136 с.
10. Калыгул. Ырлар. - Бишкек, 2000. - 272 с.
11. Молдо Кылыч. Казалдар. – Фрунзе, 1990. - 256 с.
12. Шаповалов В.И. Горящий можжевельник. Избранное. - Бишкек, 2003, Т.2. – 540 с.
13. Улуу кыргыз көчү. Калыгул, Арстанбек … - Бишкек, 2000. – 272 с.
14. Калыгулдун сөзү. // Мурас. - Фрунзе: Кыргызстан, 1999. - С. 22.
15. Калыгул. Насият, санат ырлары. // Мурас. - Фрунзе: Кыргызстан, 1999. - С. 29-30.
16. Жапаров Д. Гипотеза о концепции заманизма Калыгула // Проблемы современной науки и образования, 2016 Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/gipoteza-o-kontseptsii-zamanizma-kalygula.
17. Эшиева Т.К. Калыгул бай уулу - выдающийся мыслитель кыргызского народа (1785-1855 ГГ.). Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №. 12. С. 197-198.
18. Адылбек К.А., Маштаева А. Творчество Молдо Кылыча - образец поэзии «Замана». Известия ВУЗов Кыргызстана. 2011. №. 4. С. 293-295.
19. Исмаилова Г.К. Особенности исследования поэмы Молдо Кылыча «Чуй баяны». Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 2. С. 156-160.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



20. Абжалов Т. Морально-этические и эстетические идеи Калыгула. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2011. №. 3. С. 200-202.